

# Өнөктөштүк тармактын жаңы мүчөлөрү үчүн колдонмо

Бул колдонмодо биз Өнөктөштүк тармакка катталып, иш жүргүзүүнү кеңири баяндап беребиз.

1. Биздин сайттын Башкы бетиндеги «Өнөктөш болуу» бөлүмүнө кириңиз.




2. Кийинки бетте «Присоединиться» баскычын тандаңыз. Катталуу процесси аяктагандан кийин, өзүңүздүн логин менен паролуңузду терип, «Войти» баскычын колдонсоңуз болот.





3. Катталуу бетиндеги бардык саптарды толтуруу зарыл:
   - ✓ «Фамилия», «Имя», «Отчество» сабы - аты-жөнүңүздү паспортуңузда көрсөтүлгөндөй жазыңыз;
   - ✓ «E-mail» сабы – электрондук почтаңызды туура жазыңыз, анткени ал дарекке катталуу жөнүндөгү кат жөнөтүлөт. Эл.почтаны кийинкиде алмаштырууга болбойт;
   - ✓ «Серия и номер паспорта» сабы – серия эки латын тамгасынан, ал эми номер – жети сандан турат;
   - ✓ «Дата выдачи» сабы – керектүү датаны оң жактагы календардан белгилейсиз;
   - ✓ «Орган, выдавший документ» сабы - «ИИМ» же «МВД» жана оргaндын номери киргизилет;
   - ✓ «Персональный номер» сабы - ID-картаңыздын ылдыйкы оң бурчунда жайгашкан он төрт сандуу номерди жазыңыз;
   - ✓ Логин бир жолу тандалып, кийинкиде алмаштырылбайт;


- ✓ Паролду кийин каалаган убактыңызда алмаштырсаңыз болот.

Бардык саптарды толтургандан кийин, «Зарегистрироваться» баскычын басуу керек.


<u>Маанилүү!</u> Катталууда туура берилмелерди жазуу зарыл, анткени туура эмес жазылган же оюңуздан чыгарылган берилмелер эмгек акыңызды алууда кыйынчылыктарды түзөт. Эмгек акы алуу паспорт аркылуу гана жүргүзүлөт.





4. Катталуу процесси аяктагандан кийин Сиз жазган электрондук почтаңызга кат келет, андагы шилтеме аркылуу Өнөктөштүк тармактын кирүү бетине өтөсүз. Өзүңүздүн логин менен паролуңузду терип, системага кириңиз. Ачылган беттин жогору жагынын оң бурчундагы аты-жөнүңүз жазылган баскычты басуу менен, өзүңүздүн жеке берилмелериңизди көрсөңүз болот. «Смена пароля» баскычын басуу менен, паролуңузду алмаштыруу мүмкүн.
   <u>Эскертүү:</u> Үлгүдө көрсөтүлгөн берилмелер мисал үчүн жазылган жана ойдон чыгарылган.





5. «DosTek group» кардары болууга даяр компанияны же жеке ишкерди алдын-ала каттоо үчүн, «Добавление компании» бөлүгүндө болочок кардардын негизги реквизиттерин жазуу зарыл. Бардык берилмелерди толтургандан кийин, ал колдонууну каалаган кызматтарды белгилөө керек. 1 компанияны каттоо үчүн Сизге ыйгарылуучу эмгек акыңыздын суммасы кызматтардын жанында көрсөтүлгөн бонустардан куралат.
   <u>Мисал:</u> Үлгүдө, мисал үчүн, бир нече кызмат белгиленген, анын эмгек акысы 420 сомду түзөт. Каттоону аяктагандан кийин «Сохранить» баскычын басыңыз.




6. Эгер Сизде суроо пайда болсо, тармактын администратору менен байланышсаңыз болот. Ал үчүн «Сообщения» бөлүмүнө кирип, беттин ылдый жагында жайгашкан терезеге суроонузду жазыңыз. Суроону жөнөтүү үчүн «Отправить» баскычын басыңыз.
   Көрсөтүлгөн үлгүдө бөлүм бош турат, кийин ал жерден администратор менен болгон суроо-жоопторду көрө аласыз.




7. «Мои компании» бөлүгүндө Сиз алдын-ала каттаган компанияларды көрө аласыз. Андан тышкары, төмөндөгү маалымат жеткиликтүү болот:
   - ✓ Сиз кошкон компаниялардын катталышы;
   - ✓ Алар тандаган кызматтар;
   - ✓ Сизге ыйгарылган эмгек акынын суммасы.




**Көңүл бурганыңыздарга рахмат!**